DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Мамашарип кызы Б.*

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК-УКУКТУК МАКУЛДАШУУЛАРДЫ КЕЛИШИМДИК ЖӨНГӨ САЛУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Мамашарип кызы Б.*

# ОСОБЕННОСТИ ДОГОВОРНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ СЕМЕЙНО-ПРАВОВЫХ СОГЛАШЕНИЙ

*Mamasharip kyzy B.*

# FEATURES OF CONTRACTUAL REGULATION OF FAMILY LAW AGREEMENTS

*УДК: 34.349.347.6.*

*Макалада үй-бүлөдөгү мүлктүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун көйгөйлөрү биринчи кезекте никеде үй-бүлөлүк биригүүнүн негизи катары каралып калгандыгы жөнүндө айтылат. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын экономикалык жана саясий чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүү учурундагы инсандын фундаменталдуу укуктарын жана эркиндиктерин таануунун жана бекемдөөнүн негизинде жеке менчиктин кепилдиктерин түзүү маанилүүдөй болуп калды. Кырдаалды социалдык жөнгө салууда укуктун ролун жогорулатуунун зарылдыгы ошондой эле, теориялык жана практикалык жактан маанилүүлүгү айтылды. Макалада үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун заманбап механизиминде өз ара үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн ар түрдүү макулдашуулар жана келишимдер олуттуу ролду ойношу менен шартталган. Ошондой эле көпчүлүк изилдөөчүлөр талашып жаткан нотариат жөнүндө мыйзамдарды мындан ары да рефармалоо багытын аныктоонун зарылдыгын баса белгилеп өтүүгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, социалдык, экономика, келишим, укук, мамилелер, механизм, чөйрө, коом, мыйзам, институт.*

*В статье говорится о том, что проблемы правового регулирования имущественных отношений в семье в первую очередь рассматриваются в браке, как основа семейного устройтсва. Создание гарантий частной собственности на основе признания и закрепления фундаментальных прав и свобод личности в условиях происходящих в настоящее время изменений в экономической и политической сферах Кыргызстана представляется важным. Подчеркнута необходимость повышения роли права в социальном регулировании, а также его теоретическая и практическая значимость. Статья обусловлена тем, что в современном механизме правового регулирования семейных отношений значительную роль играют различные соглашения и договоры, заключаемые между собой членами семьи. Можно также подчеркнуть необходимость определения направления дальнейшего реформирования законодательства о нотариате, которое оспаривается большинством исследователей.*

***Ключевые слова:*** *семья, социальный, экономика, договор, права, отношения, механизм, сфера, общество, закон, регулирования, институт.*

*The article says that the problems of legal regulation of property relations in the family are primarily considered in marriage as the basis of the family structure. The creation of guarantees of private property based on the recognition and consolidation of the fundamental rights and freedoms of the individual in the context of the current changes in the economic and political spheres of Kyrgyzstan is important. The necessity of increasing the role of law in social regulation, as well as its theoretical and practical significance, is emphasized. The article is based on the fact that various agreements and contracts concluded between family members play a significant role in the modern mechanism of legal regulation of family relations. It is also possible to emphasize the need to determine the direction of further reform of the legislation on notaries, which is disputed by most researchers.*

***Key words:*** *family, sociall, economy, contract, rights, relationships, mechanism, sphere, society, law, regulations, institute.*

Мыйзам натыйжалуу жөнгө салуучу иш-аракеттерди жасоого тийиш, биринчиден, социалдык жактан жактырылбаган укуктук ченемдерден жана институттардан өз убагында баш тартуу, экинчиден, коомдук мамилелердин жаңы типтеринин пайда болушуна жана жайылышына коомдук мамилелерде болуп жаткан өзгөртүүлөргө адекваттуу көнүл буруу.

Үй-бүлө чөйрөсүндөгү түзүлгөн жаңы коомдук мамилелер, анын ичинде үй-бүлө мүчөлөрүнүн катышуусу менен мүлктүк мамилелер да мына ушундай түрдө жөнгө салынууга тийиш, коомдук жактырылуучу жүрүм-турумдун катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын кемсинтүү тобокелдигин эске албаганда, жайылтылышына түрткү берүү [1]. Үй-бүлөнүн ар бир нравалык конкреттүү ой-пикирлерине жана кызыкчылыктарына жараша эрежелер менен белгиленип, үй-бүлө мүчөлөрүнүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



айтканындай жана кабыл алгандай жөнгө салуу зарыл.

Кандай гана болбосун, үй-бүлөлүк маселелерди жөнгө салуу, биздин өлкөдө башка милдеттүү мамилелер сыйктуу эле, акыркы жылдары олуттуу өзгөргөн, бул экономикалык жана саясий факторлор менен шартталган.

Мамилелер Кыргызстандагы коомдук турмуштун демократиялаштыруу процесстерине жана заманбап экономикалык базисине туура келет жана анын мүлктүк абалынын, түзүмүнүн жана курамынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир өзүнчө алынган үй-бүлөнүн керектөөлөрүн эн жакшы чагылдырат. Чет өлкөлөрдүн тажырыйбасы көрсөткөндөй, үй-бүлөдө түзүлгөн мүлктүк мамилелерди диспозитивдик жөнгө салууну кенейтүү мүмкүнчүлүгү али токтой элек. Жубайларга таандык мүлктүн укуктук режимин эркин тандоо укугун нике келишими аркылуу берүү талаптагыдай тандоону жүзөөгө ашырууга кепилдик бере элек. Жубайлар ортосунда түзүлгөн мүлктүк мамилелерди жөнгө салуунун мүмкүн болгон варианттарын билүүнүн негизинде тандоо өзүн-өзү тендештирүү катары таанылышы мүмкүн.

Жубайлардын мүлктүк мамилелери ченемдик жана нике келишими менен жөнгө салынат. Бул фактор үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда абдан маанилүү, дал ушул социалдык мамилелердин чөйрөсү мамлекет тарабынан азыраак өлчөмдө регламенттөөнү талап кылат, бирок көпчүлүк учурда үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучуларынын өздөрү тарабынан талап кылынат [2].

Бул маселени чечүү негизинен жөнгө салуунун өзгөчө предметин жана ыкмасын аныктоого мүмкүндүк берет, башкача айтканда үй-бүлө укугунун өз алдынча тармагынын талаптарына жооп берүүгө жөндөмдүүлүк.

Ошентип, укуктун жалпы теориясында укуктук жөнгө салуунун предметине өз жаратылышы боюнча ченемдик укуктук таасир тийгизүүгө мүмкүн болгон ар кандай коомдук мамилелер кирет жана тиешелүү социалдык саясий шарттарда укуктук жөнгө салуу механизмин түзгөн юридикалык ченемдердин жана башка бардык юридикалык каражаттардын жардамы менен жүргүзүлгөн таасирлерге дуушарланат. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексине ылайык үй-бүлө мамилелеринин катышуучулары келишим жана макулдашуу жаатында өздөрүнө юридикалык укук жана милдеттерди белгилей алышат. Келишимдин тараптары болуп катышууда, субъектилер жеке жана мүлктүк мамилелерин жөнгө сала алышат. Эгерде келишим үй-бүлө мамилелеринин манызына карама-каршы келбесе, келишим түзүүдө келишим жөнүндөгү жалпы жоболор колдонулат [3].

Макулдашуу, советтик жана азыркы мыйзамдар менен каралып келген өзүнчө предмет катары өз алдынча илимий изилденбесе дагы кылымдык тарыхы бар, ошентсе да ар кандай себептер менен түшүндүрсө болот: үй-бүлө укугу узак мезгил бою жарандык укуктун бир бөлүгү катары таанылгандай, үй-бүлө укугунун теориясына негизинен жетиштүү көнүл бурулбайт. Үй-бүлө мыйзамдарын талдоо үй-бүлө-укуктук макулдашуулар мисалы, жарандык укуктагы макулдашууларга салыштырмалуу өзүнүн өзгөчөлүгү бар деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет [4].

Байыркы замандын илимпоз-цивилисттери макулдашууну юридикалык фактынын сапаттары менен бөлүп карашкан, ошол эле мезгилде “макулдашуу” деген сөз ушунчалык жалпы, анда эч кандай келишим же эч кандай жарандык милдет жок, каерде камтылбасын макулдашуу.

“Макулдашуу” деген сөз жалпы мааниге ээ, дүйнөлүк келишим түзүлөбү, бири-бири менен иштөө жөнүндөгү макулдашуубу баарына тиешелүү. “Макулдашуу” деген сөздүн мааниси мыйзамда да, укуктун теориясында да ачылган эмес, анткени, ал жалпыга белгилүү болуп калат. Талкулоо сөздүгүндө “макулдашуу” терминининин эки мааниси бар:

1) Өз ара макулдашуу, сүйлөшүү;

2) Кандайдыр бир шарттарды, өз ара мамилелерди, укуктарды жана милдеттерди аныктаган келишим. Үй-бүлө укугунда колдонууга макулдашуу терминининин биринчи мааниси дал келет [5].

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде макулдашуу аз:

1) алимент төлөө жөнүндө макулдашуу;

2) баланын аты жөнүндө макулдашуу;

3) баланын жашаган жери жөнүндө макулдашуу;

4) баладан бөлөк жашаган ата-эненин укуктарын жүзөгө ашыруусунун тартиби тууралуу макулдашуу;

5) мүлктү бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинде “өз ара макулдуктун” дагы айкалышы колдонулат, ушуга байланыштуу “макулдашуунун” жана “өз ара макулдуктун” окшоштугу же айырмачылыктары жөнүндө маселе келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 68-беренесинин 2-пунктунда, “баланы тарбиялоого жана билим берүүгө тиешелүү бардык маселелер баланын ата-энесинин өз ара макулдуктары менен чечилет” деп айтылган. Ата-энелердин бирөөсү тарабынан карама-каршы пикирлер пайда болгон учурда маселени чечүү үчүн балдарды жана үй-бүлөнү колдоо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бөлүмүнө же сотко кайрылууга укуктуу. Ошондой эле дагы башка баяндоо жазылган: “ата-энелер эки башка жашаган учурда баланын жашаган жери алардын макулдашуусу менен аныкталат. Бул ата-энелердин ортосунда талаш-тартышты жаратса анда сот тарабынан чечилет”.

Жубайлардын мүлктүк мамилелеринин мыйзамдуу жөнгө салынышынын мыйзамга бекитилгендиги кыргызстанда жарандык жана үй-бүлөлүк укуктун жетишкендиги деп эсептейбиз. Жубайлардын мүлкүнүн келишимдик режимин биринчи Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 275-беренесинде каралган [6]. Бул институтту мындан ары деталдоону Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 9-главасынан алабыз. Бул главада үй-бүлө мыйзамдуулугу үчүн жаңы мамилелер жөнгө салынат.

Мындай главанын киргизилиши, рынок экономикасынын шарттарында алардын мүлктүк өз ара мамилелерин аныктоодо жубайлардын өз алдынчалуулугун жогорулатууну талап кылган азыркы шарттарда үй-бүлө мыйзамдарынын милдеттерин чагылдырат. Бөлүштүрүү жөнүндөгү макулдашуу жубайлардын каалоосу боюнча нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Эгерде кыймылсыз мүлктү бөлүштүрүү тууралуу сөз болуп жатса, үй-бүлө кодекси макулдашуу катары мамлекеттик каттоо жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Мындай каттоонун зарылдыгы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 180-беренесинен келип чыгат. Нике келишиминин айырмасы кийинки убакытка эмес, бөлүштүрүү учурундагы мүлктүн укуктук режимин аныктайт.

Жубайлардын нике убагында тапкан мүлкү, алардын жалпы, биргелешкен мүлкү болуп саналат. Макулдашуу нике бузулгандан кийин да түзүлүшү мүмкүн. Эч кандай мөөнөттөр менен ал чектелген эмес. Эгерде жарандык-укуктук бүтүмдөргө карата соттук териштирүү процессинде тиешелүү макулдашууну соттук териштирүү протоколунда белгилөө менен укукту оозеки түрдө тандап алуу мүмкүн болсо, анда үй-бүлө чөйрөсүндөгү бүтүмдөргө карата бул мүмкүн эмес. Нике келишимине жана алимент төлөө тууралуу макулдашууга болгон укукту тандоо өзү түзүлгөн учурда гана жүргүзүлүшү мүмкүн [7].

Ал эми аталган бүтүмдөр милдеттүү түрдөгү нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш болгондуктан, мындай күбөлөндүрүү учуру жана соттук териштирүүнүн протоколунда жазуу укугу дал келиши мүмкүн эмес. Үй-бүлөлүк укукта келишимдик милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу институту жок экендигин моюнга алуу керек. Ошондуктан А.Д. Корецкийда эч кандай негиз жок деп ойлойт, себеби процессуалдык териштирүүнүн талаасында субъектилердин оюу сотко белгисиз, ишти кароодо кандай жыйынтык чыгары.

Жарандык укукта тиешелүү милдеттенменин тийиштүү түрдө аткарылышын талап кылуу укугу каралган, ал эми ал аткрылбаган учурда жоопкерди Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык жоопкерчиликке тартуу укугу каралган. Үй-бүлөлүк укуктук келишим-бул деле келишимден келип чыккан милдет. Мында милдеттенменин башка түрлөрү сыяктуу эле, кредитор (укуктуу жак) жана карызкор (милдеттүү жак) катышат.

Үй-бүлө-укуктук милдеттенме, өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугуна карабастан, милдеттемелер окшош эмес болсо да, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 296-беренесинде берилген жарандык-укуктук милдеттемелердин түшүнүгүнө окшош.

Юрист окумуштуу С.Ю. Чашкова да, үй-бүлө укугунда кээ бир мамилелер анын ичинде келишимде пайда болгон мамилелерде “укуктук жак-милдеттүү жак” деген схема боюнча түзүлөт, мында ар бир катышуучу так аныкталган деп эсептейт [8].

Алименттик-укуктук мамилелерди келишимдик белгилөө жөнүндө ченем үй-бүлөлүк укукта жаңы болуп саналат. Ыктыярдуу, манызы боюнча, эгерде жашы жете элек балага макулдашуу боюнча алименттердин өлчөмү мыйзам боюнча өлчөмдөн төмөн эмес болсо, адеп көз карашынан алганда, башка адамды багуу боюнча мүлктүк милдетти өзүнө алуу төлөөчүнүн ар намысынан кабар берет. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин 104-беренесинде “алимент төлөө жөнүндөгү макулдашуу алимент төлөөгө милдеттүү жана аны алуучу жактын ортосунда түзүлөт”. Үй-бүлөлүк макулдашуунун артыкчылык деп, бир учурларда алар кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ болуп, ал эми башкалары Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинде каралган (ата-энеси бөлөк жашаган балдарды тарбиялоо жөнүндө макулдашуу, алимент төлөө жөнүндөгү макулдашуу) жагдайлар пайда болгондо кайталанышы мүмкүн жана токтотулат.

Мындан тышкары айрым макулдашуулар бир жолку болушу мүмкүн (баланын аты жөнүндө макулдашуу) жана алар өзгөртүлүшү мүмкүн эмес, анткени өз аракетин токтотушса, башкалары бир нече жолу өзгөртүүгө, токтотууга жана кайрадан түзүүгө болот (алименттик макулдашуу). Бирок алименттик макулдашууну кошпогондо, келишим тараптарынын милдеттерин өз ыктыяры менен аткарбаган учурда мам-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылынган эмес. Алар мыйзам менен укук мамилелеринин субъектисине жүктөлгөн милдеттерди ыктыярдуу аткарууга багытталган.

Мындан тышкары, келишимди өзгөртүү, же бузуу жөнүндө талаптарды сотто кароонун жыйынтыгы боюнча, сыягы, макулдашуунун колдонулушун токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынат. Бул учурда аны өзгөртүүгө же токтотууга соттун чечими менен мажбурлоо максатка ылайыксыз, анткени милдеттүү жак өзүнүн милдетин жеке өзү  аткарууга тийиш [9].

Ошого карабастан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн же мурунку үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилени сактап калууга мүмкүндүк берген, үй-бүлөлүк укуктук макулдашуулардын ролун этибарга албай коюу керек. Үй-бүлөлүк укук боюнча макулдашуулар үй-бүлөлүк мамилелердин укук булагы жана ага ылайык жөнгө салуучусу болуп саналбайт, анткени, белгиленгендей, алар мурда эле бар болгон милдеттерин үй-бүлө мүчөсү тарабынан аткаруу тартибин жана жолдорун аныктоо жана анын юридикалык фактысы  катары чыккан эмес.

Ошентип, үй-бүлөлүк макулдашууну үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара макулдугу катары аныктасак болот, алардын өз ара өздүк укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруусун аныктоочу, же болбосо үй-бүлөнүн милдеттүү мүчөсү өзүнүн мүлктүк милдетин аткаруусунун тартиби жана ыкмалары деп эсептейм.

**Адабияттар:**


1. Антокольская М. В. Семейное право. - М., 2008. - С. 37.
2. Ершова Н.И. Вопросы семьи в гражданском праве. - М., 2007. - С. 191.
3. Особенности договорного регулирования семейных имущественных отношений / А.В. Одинцов // Правоведение. - 2008. - №4. - С. 67-72.
4. Белякова А.М., Ворожейкин Е.М. Советское семейное право. Учебник для студентов юридических институтов. - М., 1974. - С. 77.
5. Нечаева А.М. Семейное право: Курс лекций. - М.: «Норма», 2008. - С.152.
6. Кыргыз Республикасы Жарандык кодекси (1-бөлүм). - 8-май 1996-ж. - №15.
7. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси. 13-август. 2001-ж.
8. Чашкова С.Ю. Система договорных обязательств в российском семейном праве // Семья и право (к 10-летию принятия Семейного кодекса Российской Федерации): Материалы научно-практической конференции (Москва, 5 - 6 декабря 2005 г.): Сбор. / Отв. ред. Л.Ю. Михеева. - М., 2008. - С. 39-40.
9. Муратова С.А., Тарсамаева Н.Ю. Семейное право: Уч. пособие. - М., 2009. - С. 49.